Эгерде силердин бирөөңөр курсагындагы желдин чыкканын билсе жана андан жел чыктыбы же чыкпадыбы деп күмөн санаса, ал желдин үнүн укмайынча же жытын жыттамайынча мечиттен чыкпасын

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Эгерде силердин бирөөңөр курсагындагы желдин чыкканын билсе жана андан жел чыктыбы же чыкпадыбы деп күмөн санаса, ал желдин үнүн укмайынча же жытын жыттамайынча мечиттен чыкпасын".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындайча баяндады. Намаз окуган адамды курсагындагы жел экилентсе, ал курсагынан чыктыбы же чыкпадыбы деп шектенип калса, анда ал дааратын буза турган нерсе бар экенине б.а. желдин үнүн угуп, же жытын жыттап ынанмайынча, даарат алуу үчүн намазды токтотпосун жана бузбасын. Анткени анык болгон нерсе күмөн менен бузулбайт. Ал намаз окуучунун даараты бар экенини анык, бирок дааратынын бузулганында күмөн бар.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65083